Н. Рахманов атындагы орто мектебинин балдарга аёсуз мамиле жана зордук-зомбулук көрсөтүүнүн алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чара тууралуу анализ

2021-2022-окуу жылы

Окуу жылынын башында балдарга аёсуз мамиле жана зордук-зомбулук көрсөтүүнүн алдын алуу боюнча план бекитилип, пландын негизинде иш-чаралар жүргузүлдү.

Класстардын социалдык абалы тууралуу маалымат такталды. Анда ата-энеси чет жакта, жалгыз бой ата-эне, толук эмес үй-бүлө, аз камсыз үй-бүлө , көп балалуу үй -бүлө, тарбиясы оор окуучулар, көйгөйлүү , чыр-чатактуу үй-бүлөлөр жөнүндө маалымат алынды. Алынган маалыматтар боюнча көйгөйлүү , чыр-чатактуу үй-бүлөлөр аныкталган жок. Соц. контингентке карата иш пландары түзүлүп, класс жетекчилерге иштер жүктөлдү.

Мектепте окуучулар арасында, балдарга аёсуз мамиле жана зордук-зомбулук көрсөтүү боюнча алдын алууга карата анкета жүргүзүлдү. Ошондой эле ар бир класста бөлүнгөн темалар боюнча класстык сааттар өткөрүлдү. Алсак: 5-6 класстарда “Чыр-чатак деген эмне?”, 7-8-класстарда “Тынчтык биздин колубузда!”, 9-11-класстарда “Жазаланбагандык-бул кылмыш!” деген темаларда класстык сааттар, тегерек столдор өткөрүлдү.

ИДН кызматкери Арунов А. менен мектептин тарбия иштеринин уюштуруучусу, соц. педагогу биргелешип мектепте ангемелешүүлөр өткөрүлдү. Ангемелешүүнүн жыйынтыгында атайын “Ишеним почтасы” уюштурулду, ага балдар өзүлөрүнүн чоңдор тарабынан , курдаштары тарабынан , үй –бүлө тарабынан аёсуз, зордук –зомбулуксуз мамилелер болсо билдирүүлөрүн жазып калтырышса, ага карата иш-аракеттер алып барыла тургандыгы айтылды. “Ишеним почтасы” ай сайын текшерилип турат.буга чейинки текшерүүдө өтө оор көйгөйлүү маселелер аныкталган жок. Майда өтүнүчтөр, сунуштар ордунда чечилип жатат.

Мектеп директору: Мамырканова Г.К.